*Лектор доцент Н.А. Абдирайимова*
*Кафедра ИСП*

***Сабактын темасы:*** **Берилгендерди жок кылуу. DELETE командасы**

***Сабактын планы:***

- конкреттүү бир жолчону жок кылуу;
- бир нече жолчону жок кылуу.

***Сабактын максаты:***

***Студенттер*** **DELETE командасынын жардамында берилгендер базасынан берилгендерди жок кылышат жана жасаган жумуштарын демонстрациялашат.**

***Сабакта калыптануучу компетенциялар:***

- ✓ маалыматты алуунун, сактоонун, кайра иштетүүнүн негизги усулдарына, ыкмаларына жана каражаттарына, маалымат башкаруунун каражаты катары компьютер менен, анын ичинде глобалдык компьютердик тармактарда жана корпоративдик маалыматтар системаларында, иштөөнүн шыктарына ээ (ИК-5);
- ✓ уюштуруу жана башкаруу чечимдерин иштеп чыгууга катышуугажөндөмдүү (ИК-6);
- ✓ долбоорлоо үчүн керектүү чоңдуктарды тандоо иштерин жүргүзүү (КК-4).

Бул теманы өздөштүрүүдө студент төмөнкү **окутуу натыйжаларына** жетишет:

- ✓ *Таблицалардагы берилгендерди жок кылуу үчүн тиешелүү командаларды колдонууну билет жана түшүнөт;*
- ✓ *MySQL'де консолдук жана графикалык режимде таблицалардагы берилгендерди жок кыла алат.*

***Сабакта колдонулуучу каражаттар:***

*Eiboard интерактивдүү доскасы, лабораториялык иштелме, Moodle системасында даярдалган тапшырмалар жана "Hot Potatoes" программасында даярдалган кроссворд.*

***Глоссарий:***

- DELETE – ББдан берилгендерди жок кылуучу команда.
- SELECT-ББдан берилгендерди тандап алуучу команда.
- WHERE-шарттарды аныктоочу оператор.

***Сабакты өтүү үчүн колдонулуучу методдор:*** МЧ, компьютердик окутуу программалары, жуптарда, топтордо иштөө, оюн технологиялары.

***Билимди текшерүүнүн формалары:*** *Moodle системасында даярдалган тест жана “Hot Potatoes” программасында даярдалган кроссворд*

***Сабактын формасы:*** *лабораториялык жумуш*

***Сабактын тиби:*** *билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы*

***Колдонулган адабияттар***

***Сабактын жүрүшү:***

| **Окутуучунун ишмердүүлүгү** | **Студенттердин ишмердүүлүгү** | **Окутуунун натыйжасы** | **Метод, технол.** | **Ресурстар** | **Балл** | **Сааты** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** |
| **САБАКТЫН 1-ЭТАБЫ: САБАКТЫ УЮШТУРУУ МОМЕНТИ** | | | | | | |
| ➢ Жагымдуу психологиялык жана физикалык чөйрөнү түзөт:<br>➢ студенттер менен саламдашат;<br>➢ жаңы сабакты окуп үйрөтүү үчүн толук шарттарды *ноутбукту, Eiboard интерактивдүү доскасын, MOODLE системасында түзүлгөн сайтты, лабораториялык иштелмелерди, презентацияларды даярдайт.* | ➢ Окутуучу менен саламдашышат;<br>➢ сабакка даярданышат;<br>➢ ноутбуктарды даярдашат;<br>➢ MOODLE системасында түзүлгөн сайтты ачышат;<br>➢ керектүү программаны жүктөшөт. | ➢ Студенттердин көңүлүн борборлоштуруу;<br>➢ жаңы билим алууга даярдоо. | Сүйлөө | *ноутбук, Eiboard интерактивдүү доскасы, MOODLE системасында түзүлгөн сайт, презентация* | | 3 мин. |
| **САБАКТЫН 2-ЭТАБЫ: САБАКТЫН МАКСАТЫН КОЮУ** | | | | | | |
| ➢ Компетенттүүлүккө багыттап окутуу менен студенттерге сабактын максатын коюга багыт берет; | ➢ Суроолорго жооп берүү аркылуу чогуу сабактын максатын коюшат. | ➢ Максат так аныкталат;<br>➢ максат коюу, ага жетүү көндүмдөрү калыптанат. | Мээ чабуулу | *MOODLE системасында түзүлгөн сайт, презентация* | | 5 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ➢ төмөнкүдөй суроолор берилет:<br>а) Биз мурдагы лабораториялык сабактарда эмнелерди окуп үйрөндүк?<br>б) Мындан ары кандай иш-аракеттерди аткарышыбыз керек?<br>в) Бүгүнкү сабакта кандай жыйынтыктарга жетебиз?<br>г) Ал үчүн кандай кадамдарды аткарабыз?<br>➢ байкоо жүргүзөт;<br>➢ студенттердин берген жоопторун тактайт. | | | | | | |
| **САБАКТЫН 3-ЭТАБЫ: ТАЯНЫЧ БИЛИМДЕРДИ АКТУАЛДАШТЫРУУ** | | | | | | |
| ➢ Өтүлгөн темаларды актуалдаштыруу үчүн мурдагы алган билимдерине диагностикалык баалоону “Hot Potatoes” программасында түзүлгөн кроссвордду ачат;<br>➢ группаны эки топко бөлүп, суроолорду даярдайт. | ➢ “Hot Potatoes” программасында түзүлгөн кроссвордду сайт аркылуу пайдаланышат;<br>➢ суроолорду тандап алышат;<br>➢ ар бир суроо топто талкууланып, жооптор айтылат. | ➢ Студенттердин өтүлгөн темалардагы материалдарды өздөштүрүүсүн текшерүү менен жаңы билимди калыптандырууга ийгиликтүү учур түзүлөт. | дидакти-калык оюндар | *Суроолор (лабор.жумуштун иштелмеси тиркелет)* | 10 | 7 мин. |
| **САБАКТЫН 4-ЭТАБЫ: ЖАҢЫ БИЛИМДИ КАЛЫПТАНДЫРУУ** | | | | | | |
| ➢ Көрсөтмө берет:<br>➢ лабораториялык жумуштун баяндалышын окугула | ➢ баяндалышын окушат;<br>➢ суроолорду беришет; | ➢ Өзүнүн оюн билдирүү, окуу, түшүнүү көндүмдөрү калыптанат; | ГРТ<br>КОТ | *ноутбук, Eiboard интерактивдүү доскасы, лабораториялык* | 10 | 20 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| жана түшүнбөгөн суроолор болсо бергиле;<br>➢ лабораториялык жумушту баяндалышын өздүк долбоордо колдонуп, аткаргыла;<br>➢ аткарылган жумушту өз алдынча текшерип, анализдегиле;<br>➢ студенттерди аткарган жумушу боюнча баалайт. | ➢ лабораториялык жумушту аткарышат;<br>➢ аткарган лабораториялык жумуштарын өздөрү анализдешет;<br>➢ аткарган жумуштарын окутуучуга демонстрация кылышат. | ➢ өзүн өзү текшерүү, анализдөө көндүмдөрү калыптанат;<br>➢ алган билимин практикада колдоно алуу көндүмдөрү калыптанат. | | *жумуштун баяндалышы (лабор.жумуштун иштелмеси тиркелет)* | | |
| **САБАКТЫН 5-ЭТАБЫ: ӨТҮЛГӨН ТЕМАНЫ БЫШЫКТОО** | | | | | | |
| ➢ Moodle системасында даярдалган тести аткарууну сунуштайт;<br>➢ студенттерди алган баллдары боюнча баалайт | ➢ Moodle системасында даярдалган тести аткарышат;<br>➢ Сайттан алган баллдарын көрүшөт. | ➢ Маалыматтар менен иштөө көндүмдөрү калыптанат.<br>➢ өз алдынча иштөө жана жоопкерчилик көндүмдөрү калыптанат;<br>➢ өз алдынча чечим чыгарууга калыптанат;<br>➢ өзүн өзү баалоо көндүмдөрү калыптанат. | дидакти-калык оюндар | *ноутбук, Eiboard интерактивдүү доскасы, Moodle системасында даярдалган сайт* | *10* | 7 мин. |
| **САБАКТЫН 6-ЭТАБЫ: САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО** | | | | | | |
| ➢ Окутуучу сабакты жыйынтыктайт;<br>➢ сабактын башында айтылган максаттарды кайрадан эске салат;<br>➢ максаттардын канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын студенттер менен чогуу белгилейт. | ➢ Сабактын башында айтылган максаттардын канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныкташат. | ➢ Максатка жетүүчү жыйынтыктарды анализдөө көндүмдөрү калыптанат. | ТОПС | | | 4 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **САБАКТЫН 7-ЭТАБЫ: СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | | | | |
| ➢ Баалоо критерийинин негизинде студенттердин активдүүлүгүнө, алган билимин практикада колдоно алуу жөндөмүнө карап баалайт.<br>➢ студенттерди баалайт. | ➢ Сабакты өздөштүрүү деңгээлине жараша бааланышат. | ➢ Студенттерди туура баалоо аркылуу сабакка болгон кызыгуусун арттыруу;<br>➢ баа коюу менен студенттерге стимул берүү. | | *баалоо бланкасы, баалоо критерийи*<br>*(лабор.жумуштун иштелмеси тиркелет)* | | 2 мин |
| **САБАКТЫН 8-ЭТАБЫ: ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ** | | | | | | |
| ➢ Силлабустан үй тапшырмасы берилет;<br>➢ өз алдынча иштин темасы берилет;<br>➢ силлабустагы адабияттарды колдонуу сунушталат;<br>➢ берилген тапшырмалар боюнча түшүндүрүү жүргүзүлөт. | ➢ Берилген тапшырмалар боюнча маалыматтарды алышат;<br>➢ тактоочу суроолорду беришет. | ➢ Студенттердин кошумча булактар менен иштөөсү калыптанат;<br>➢ берилген материалды графикалык системалаштыруу калыптанат. | | | | 2 мин. |

***Өтүлгөн теманы бышыктоо***

Өтүлгөн теманын бышыктоо максатында “Moodle” программасынын жардамында түзүлгөн тестти аткарышат.

***Лабораториялык жумушту аткарууда студентти баалоонун критерийи***

***Өз алдынча иштин темасы***

DELETE командасынын жардамында бир нече мисалдарды түзүү

***Сабакты жыйынтыктоо***

Сабак жыйынтыкталып, студенттер бааланат.
*Студенттердин деңгээли таяныч билимдерди актуалдаштыруу боюнча берилген тапшырманын аткарылышы, лабораториялык жумуштун*

*аткарылышы жана сабакты бышыктоодо аткарылган тестин жыйынтыгынын негизинде бааланат.*